**БЕКИТЕМИН**
С.Нааматов атындагы НМУнун
Агрардык техникалык-экономикалык
колледжинин Педагогикалык кеңешинде
каралды жана бекитилди
«___» _______ 202__-жыл. Протокол № 1
АТЭКтин директору _______ Жаныбек у Р.

# АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК -ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН ОКУУ-УСУЛДУК КЕҢЕШИ ТУУРАЛУУ ЖОБОСУ

## 1. Жалпы жоболор

1.1 Бул жобо С.Нааматов атындагы НМУнун Агрардык техникалык - экономикалык колледжинин окуу-усулдук кеңешинин иш алып баруу тартиптерин жөнгө салат (мындан ары Жобо). Жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 "Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку жана орто билим берүүчү уюмдарынын иш-аракеттерин жөнгө салуучу ченемдик- укуктук актыларын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген. Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүнүн билим берүүчү уюмдары жөнүндө жобонун жана кесиптик орто билим берүүчү уюмдардын ишин жөнгө салуучу башка нормативдик укуктун негизинде иштелип чыккан.

1.2 Агрардык техникалык - экономикалык колледжинин окуу-усулдук кеңеши (мындан ары - Кеңеш) Агрардык техникалык - экономикалык колледжинин (мындан ары - Колледж) илимий-педагогикалык кызматкерлерин бириктирген, кесиптик орто билим берүүнү башкаруунун окуу жай тарабынан түзүлгөн мамлекеттик-коомдук формасы болуп эсептелет. Кеңеш колледждин алдында түзүлгөн жана окуу жайдын окуу-усулдук ишмердүүлүгүндөгү өзүнө тиешелүү ишмердүүлүктүн багыттарын жөнгө салат.

1.3 Кеңештин ишинин багыттарынын тизмеси "Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку жана орто билим берүүчү уюмдарынын иш-аракеттерин жонго салуучу ченемдик-укуктук актыларын бекитүү жөнүндө" токтомунун, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Колледждин Педагогикалык Кеңешинин чечимдери менен аныктапат.

1.4 Кеңеш өз ишинде Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына, кесиптик орто билим берүү тармагындагы башка ченемдик укуктук актыларга жана ушул жобого таянат.

1.5 Кеңештин ишинин негизги принциптери демократиялуулук, коллегиялуулук, ачыктык жана айкындык болот.

1.6 Кеңештин чечимдери өзүнүн иш планына ылайык кабыл алынат жана сунуш мүнөзүндө болот.

## 2.Усулдук кеңештин курамы

2.1 Усулдук кеңештин курамына окуу иштери боюнча директордун орун басары, предметтик циклдик комиссиянын башчылары ,тажрыйбалуу окутуучулар жана методист кирет. Усулдук кеңештин төрагасы(төрайымы) окуу иштер боюнча директордун орун басары болот. Усулдук кеңешме зарыл болсо чыгармачылык топ түзүп алса дагы болот.

2.2 Усулдук кеңештин ишмердүүлүгүн ишке ашыруу үчүн катчы шайланат.

2.3 Усулдук кеңештин курамы колледждин директорунун буйругу менен бекитилет.

## 3. Негизги максаттары жана маселелери

3.1 Кеңештин негизги максаты - илимдин, маданияттын, техниканын жана

технологиянын өнүгүү тенденциясын эсепке алып, коомдун керектөөсү, жеке адамдын кызыкчылыгы менен шайкеш келгидей, кесиптик орто билим берүүнүн сапаты, мазмуну жана түзүлүшү боюнча билим берүү саясатында сунуштарды иштеп чыгуу.

3.2 Кеңештин негизги милдеттери төмөнкүлөр:

- кесиптик орто билим берүү системасын өнүктүрүүгө көмөктөшүү;
- эл аралык билим берүү мейкиндигине жакындашуу максатында орто кесиптик билим берүүнүн эквиваленттүүлүгүн камсыз кылуу;
- кесиптик орто билим берүү адистиктеринин жана даярдоо багыттарынын тизмесин түзүү;
- кесиптик орто билим берүүнүн кесиптик окуу программаларын жана мамлекеттик билим берүүнү өркүндөтүүнү жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүү;
- окуу процессинин окуу-методикалык адабияттар менен жабдылыш абалына талдоо жүргүзүү жана керектүү окуу китептерин жана окуу куралдарын басмага даярдоонун келечектүү пландарын түзүү;
-кесиптик орто билим берүүнү өнүктүрүү маселеси боюнча тажрыйба алмашуу максатында чет өлкөлүк жана республикалык окуу жайлар, ассоциациялар жана коомдук-кесиптик бирикмелер менен байланыш түзүү;
- билим берүү программаларын ишке ашыруунун сапатына мониторинг жүргүзүү.
-билим берүү программасына жумуш берүүчүнүн талаптарына жана окутуунунатыйжаларына дал келгендей абалда өзгөртүүлөдү киргизүү
-жзаңы педагогикалык технологияларды өздөштүрүү багытында инновациялык ишмердүүлүктү уюштуруу,автордук программалардын иштелмесин,окуу усулдук комплекстерди апробациялоо
-кесиптик чеберчилик,сабак өтүүнүн усулдары боюнча консультация уюштуруу
-жаш окутуучуларга окутуунун формалары жана усулдары боюнча усулдук көмөк көрсөтүү

## 4.Негизги багыттары

4.1 Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү стандарты

4.2 Окуу жана усулдук иштердин планы

4.3 Окутуучулардын алдыңкы тажрыйбаларын анализдөө жана баалоо

4.4 Окуу кабинеттеринин (лаборатория)материалдык техникалык базасын иштеп чыгууга көмөк көрсөтүү

4.5Окутуучуларды студенттердин жалпы жана кесиптик компетенцияларын калыптандыруудагы баалоонун каражаттарын иштеп чыгууга тартуу

## 5 .Усулдук кеңештин уюштуруу иштери

5.1 Усулдук кеңеш жылдык планга таянат,план усулдук кеңештин төрагасы(төрайымы) жана методист менен биргеликте иштелип чыгат.Окуу жайдын директору менен макулдашылып,педагогикалык кеңеште бекитилет.

5.2 Усулдук кеңештин отуруму айына бир жолу өткөрүлөт.Отурумду өткөрүү датасы төрага(төрайым) тарабынан тейленет.Зарыл учурда пландан сырткары отурум өткөрүүгө болот

5.3 Усулдук кеңештин отуруму анын мүчөлөрүнүн көпчүлүк бөлүгү катышкан учурда өткөрүлөт.

5.4 Усулдук кеңештин чечими анын мүчөлөрүнүн добуш берүүсү менен чечилет.Мүчөлөрдүн жарымынан көбү добуш берген учурда чечим кабыл алынат.Усулдук кеңештин протоколу жазылат

**6.Функциялары жана укуктары**

6.1 Кеңештин функцияларына төмөнкүлөр кирет:

6.2 Колледждеги окуу тарбия ишин жакшыртуу үчүн сунуш киргизүү;

Алдыңкы педагогикалык тажрыйбалар жөнүндөгү материалдарды публикациялоо жөнүндө суроо коюу;

6.3 Колледждин администрациясына колледждин кызматкерлеринин усулдук иштерге активдүү катышандыгы үчүн сыйлыктарга көрсөтүүнү суроо;

6.4 Окутуучулардын квалификациясын жогорулатууга сунуштарды киргизүү;

6.5 кесиптик орто билим берүү программалары боюнча окуу китептерди жана окуу куралдарды иштеп чыгууга жана алардын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкештигин экспертизациялоого катышуу.

**Өз милдеттерин жана функцияларын натыйжалуу аткарыш үчүн кеңеш томөнкү укуктарга ээ болот:**

**Төраганын(төрайым) укуктары:**

-Усулдук кеңештин ишине керектүү документтерди жана материалдарды колледждин структуралык бөлүм бачыларынан (цикл) камсыз кылуу

-Окуу усулдук комплекстерди рецензиялоо үчүн эксперт тартуу

-Усулдук кеңештеги өзүнүн ишмердүүлүгү боюнча колледждин педагогикалык кеңешинде отчет берет.

**Төраганын(төрайым) милдеттенмеси:**

-Төрага(төрайым) отурумдун датасын,убактысын жана өтүлүүчү ордун мүчөлөрүнө билдирет.

-Коллегиалдуу кабыл алынган чечимдерди педагогикалык жамаатка убагында маалымдайт

**Усулдук кеңештин катчысынын милдеттенмеси:**

-Отурумда каралган маселелердин жана кабыл алынган чечимдердин протоколун жазат.

-Жасалгаланган протоколдорду журналга өз убагында топтойт.

**Мүчөлөрдүн укуктары жана милдеттенмелери:**

-Өздөрүнүн сунуштарын киргизүүгө

-өтурумдарга катышуусу,зарыл болгон учурда отурумга катыша албай калса, төрагага себептерин көргөзүп эскертүүгө.